**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиянын мүчөсү, филол.ил.докт., Ала Тоо Эл аралык университетинин профессорунун милдетин аткаруучу М.Алишованын Жолдошалиева Наргиза Автандиловнанын "Кыргыз тилинде ал-абал этиштеринин семантикалык типтери жана тизмектешүү мүмкүнчүлүгү" деген темада 10.02.01- кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине**

# КОРУТУНДУСУ

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Жолдошалиева Наргиза Автандиловнанын **"Кыргыз тилинде ал-абал этиштеринин семантикалык типтери жана тизмектешүү мүмкүнчүлүгү"** аттуу темадагы филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган илимий эмгеги диссертациялык кенештин багытына, ал эми изилдөө ишинин мазмуну, концептуалдык негизи 10.02.01. - кыргыз тили адистигине шайкеш келет.

**2. Иштин максаты** - катары жалпы эле этиштердин, анын ичинде абал этиштеринин семантикалык классификацияларын сунуштоо менен, аларды туюндурган вербалдык жана бейвербалдык каражаттарга талдоо жүргүзүү, абал этиштеринин семантикалык мутацияларын конкреттүү тилдик иллюстрациялар аркылуу көрсөтүү жана абал этиштеринин валенттүүлүгүнө байланыштуу айрым маселелерди иликтеп берүүнү көздөйт.

Бул максаттарды ишке ашырууда төмөнкү конкреттүү **милдеттер** чечилген:

1) этиштердин, анын ичинде абал этиштеринин жалпы тил илиминде, түркологияда жана кыргыз тил илиминде ар кандай өңүттөрдөн изилдениш абалына, андагы концептуалдуу көз караштарга, этиштик лексиканы изилдөөгө арналган илимий адабияттарга сереп жүргүзүү;
2) жалпы этиштердин жана абал этиштеринин лексика-семантикалык топторго ажыратуунун илимий принциптерине талдоо жүргүзүү менен, этиштердин жана абал этиштеринин жалпы тил илиминде, түркологияда жана кыргыз тил илиминдеги классификацияларын изилдөө, алардагы жалпылыктар менен айырмачылыктарга токтолуу;
3) абал категориясын туюндурган бейвербалдык жана вербалдык, атап айтканда, грамматикалык каражаттар, фразеологизмдер, айрым паремиялык бирдиктерге семантика-функционалдык өңүттөн талдоо жүргүзүү;
4) абал этиштеринин метафоризациясы, аларды туюндурууга катышкан жардамчы этиштердин көп функционалдуулугу, десемантизациясы,

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕ
входящий № 10-24-42
«14» 05 2025

грамматикализациясы, синсемантизми өңдүү маселелерди конкреттүү тилдик фактылардын мисалында кароо;

5) этиштердин семантикалык компонент катары аткарган предикаттык кызматын абал этиштеринин валенттүүлүгүнө байланыштуу маселелердин контекстинде иликтөө;
6) абалдык маанини туюндурган вербалдык каражаттардын каралышына байланыштуу "туюм туурaнды сөздөр", этиштеринин метафоризациясына байланыштуу "жайылма метафора", ошондой эле абал этиштеринин валенттүүлүгүнө байланыштуу "антилогикалык валенттүүлүк", "бейвербалдык валенттүүлүк" өңдүү айрым жаңы түшүнүктөрдү сунуштоо.

Диссертациянын изилдөө обьектиси диссертациянын максатына жана милдеттерине толук дал келет.

**3. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Жалпы этиштердин, анын ичинде абал этиштеринин семантикалык классификацияларынан тышкары, абал категориясынын грамматикалык каражаттар, фразеологизмдер, айрым паремиялык бирдиктер, бейвербалдык каражаттар аркылуу туюндурулуусу, алардын метафоризациясы, бир лексика-семантикалык топтон экинчи бир лексика-семантикалык топко өтүп кетүүсү, негизги этиштерге уланып абал маанисин туюндурууга катышкан жардамчы этиштердин көп функционалдуулугу, десемантизациясы, грамматикализациясы, синсемантизми өңдүү маселелер конкреттүү тилдик иллюстрациялардын мисалында иликтөөгө алынды. Ошону менен эле бирге, этиштердин сүйлөмдүн семантикалык структурасында семантикалык компонент катары аткарган предикаттык кызматы этиштердин валенттүүлүгүнө байланыштуу маселелердин контекстинде каралды. Демек, кыргыз тилинин этиштик лексикасын изилдөөдө саналып өткөн айрым маселелердин азыркы учурга чейин изилдене электиги же башка аспектилердин алкагында, башка проблемалардын контекстинде жарым-жартылай каралгандыгына байланышкан жагдайлар изилдөө ишибиздин темасынын **актуалдуулугун** айгинелейт.

**4. Илимий жыйынтыктары,** Кыргыз тилиндеги абал этиштеринин грамматикалык каражаттар, фразеологизмдер, айрым паремиялык бирдиктер, бейвербалдык каражаттар аркылуу туюндурулуусу, алардын метафоризациясы, бир лексика-семантикалык топтон экинчи бир лексика-семантикалык топко өтүп кетүүсү, абал этиштерин туюндурууга катышкан жардамчы этиштердин көп функционалдуулугу, десемантизациясы, грамматикализациясы, синсемантизми өңдүү маселелердин кыргыз тилинин факт-материалдарынын негизинде алгач изилденип жатышы иштин илимий жаңылыгын түзөт.

**4.1. Иштин диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарга жооп бере турган жаңылыгы.**

**1-натыйжа. Жарым-жартылай жаңы,** анткени, тил илиминде буга чейин эле жалпы тил илими жаатында предикаттын сүйлөмдүн семантикалык структурасынын семантикалык борборун түзүп, сүйлөм тутумунда башка сөздөрдүн семантикалык компонент катары кызматын шарттап, алардын айкашуу мүмкүнчүлүгүн аныктап туруучу кызматы, дегеле этиштик лексиканын семантикалык топторуна жана алардын валенттүүлүгүнө байланыштуу маселелер изилдөөгө алынып келген. Андыктан, булар иштин максатына жетүүдөгү пайдаланылуучу даяр материалдар болуп саналат. Арийне, диссертанттын коюлган маселеге карата жекече көз караштагы илимий-теориялык ойлорунун билдирилишин жаңы деп баалоого болот. (1.1., 1.2., 1.3.).

**2-натыйжа. Жаңы. Себеби,** абал этиштерин туюндурууга катышкан жардамчы этиштердин көп функционалдуулугу, десемантизациясы, грамматикализациясы, синсемантизми өңдүү маселелердин кыргыз тилинин факт-материалдарынын негизинде алгач изилденип жатышы иштин илимий жаңылыгын түзөт. (1.1., 1.2., 1.3., 2.1.)

**3-натыйжа. Жаңы.** Абал категориясы грамматикалык каражаттар, фразеологизмдер, айрым паремиялык бирдиктер, метафоралар өңдүү ар кандай тилдик каражаттардан тышкары ольфакциялык, кинесикалык, гаптикалык, фонациялык өңдүү бейвербалдык каражаттар, ошондой эле симптоматикалык жесттер аркылуу да туюндурулат. (3.3., 3.4., 3.5., 3.6.)

**4-натыйжа. Жаңы.** Этиш сөз же анын сөз формалары эки башка лексика-семантикалык топко кирип калуу мүмкүнчүлүгүнө ээ экендиги алардын көп маанилүүлүгүнө (полисемия), кең маанилүүлүлүгүнө (эврисемия), семантикалык структурасындагы мутациялык өзгөрүүлөргө, эки лексика-семантикалык топтордун ортосундагы өткөөл катмарлардын түзүлүшүнө байланыштуу экендигинин түшүндүрүлүшү жаңы.(3.1., 3.2., 3.8.)

**5-натыйжа. Жаңы.** Негизги этиштерге уланып абал маанисин туюндурууга катышкан жардамчы этиштердин көп функционалдуулугу, десемантизациясы жана грамматикализациясы этиштердин эврисемиясына (кең маанилүүлүк) мүнөздүү белгилер катары саналышы о.э. Абал этиштери семантикалык компонент катары актанттык, сирконстанттык, субъектилик, объектилик кызматтарды аткаргандыгы анын валенттүүлүгүнүн потенциалын көрсөткөндүгү жаңы деп эсептөөгө болот.(3.2., 3.4., 3.5.,3.6., 3.7., 3.8.)

**4.2. Диссертациялык иштин мазмунунан чыгарылган ар бир илимий натыйжанын негизделүү жана тастыкталуу даражасы.**

**1-натыйжа ынанымдуу.**Диссертанттын коюлган маселеге карата жекече көз караштагы илимий-теориялык ойлорунун билдирилиши ынанымдуу мисалдар менен тастыкталган. (1.1., 1.2., 1.3.).

**2-натыйжа негиздүү.** Негизи, десемантизация, полифункционалдуулук, синсемантизм кубулуштары эврисемияга, б.а., кең маанилүүлүккө мүнөздүү белгилер катары сыпатталгандыгы негиздүү, себеби илимий иштеги илюстрациялык факт-материалдар айгинелейт. (3-бап)

**3-натыйжа ишенимдүү.** Абал категориясы вербалдык каражаттардан тышкары бейвербалдык каражаттар аркылуу туюндурулуусу мүмкүн экендигин ишенимдүү талдап берген. (3.3., 3.4., 3.5., 3.6.)

**4-натыйжа негиздүү-** Көп маанилүүлүк же полисемия менен кең маанилүүлүк же эврисемиянын бул терминдер сөздүн семантикалык көлөмүнүн кеңейишин шарттайт.
(3-бап, 5-бап, 2.3.).

**5-натыйжа да негиздүү.** Этиштерди семантикалык өңүттөн классификациялоодо денотаттык, парадигматикалык, синтагматикалык, хроноструктуралык принциптерден тышкары, семантикалык, сигнификатифтик өңдүү принциптердин колдонулушу ар кандай классификациялардын жаралуусун шарттаган мисалдардын талдоосунан айырмасы көрүнөт.(3.2., 3.3., 3.6., 3.7.)

**5. Квалификациялык белгилерге дал келиши.**

*1. Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү:*

1.1. Илимий чөйрөсүнө жана темасына жараша илимий жактан жаңы негизделген техникалык иштеп чыгууларды түшүндүрүү.

*2. Диссертациянын жыйынтык жаңылыктарынын деңгээли.*

2.1. Жыйынтыктарынын дээрлик бардыгы жаңы деп эсептелет.

*3. Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу.*

*3.2.* Жогору.

4. Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы.

4.2. Тема тармактык программага, илимдер академиясынын же мекеменин тематикалык планына кирет.

*5. Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли.*

5.3. Тармактын масштабында

*6. Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кеңири пайдалануу боюнча сунуштар.*

6.1. Кеңири пайдаланууну талап кылат.

**6. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Изилдөөдөн алынган тыянак-натыйжаларды Азыркы кыргыз тили курсунун лексикология, морфология, синтаксис, бөлүмдөрү, ошондой эле лексикалык семантика, функционалдык-грамматикалык семантика, коммуникативдик-синтаксистик семантика, деривациялык семантика, семантикалык синтаксис өңдүү атайын курстарды өтүүдө пайдаланууга болот. Ошондой эле изилдөөдөн алынган тыянак-натыйжаларды жогоруда аталган багыттар боюнча окуу китептерин, пособиелерди, лекциялык курстардын тексттерин даярдоодо теориялык материал иретинде сунуштоого болот.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, мазмунунун жетиштүү санда жарык көрүшү.**

Изилдөөнүн негизги мазмуну 12 илимий макалада чагылдырылып, анын ичинен чет элдик басмада – РИНЦ системасындагы журналда – 10 макала, КРдин РИНЦ индекстелген жана УАК тарабынан сунушталган мезгилдүү илимий басылмаларда – 10 макала жарык көргөн. Булардын баары ишке түздөн-түз тиешелүү.


1. Жолдошалиева, Н.А. Тил илиминде валенттүүлүк түшүнүгү [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2012. – 33-37-б.б.
2. Жолдошалиева, Н.А. Эмоционалдык ал-абалды туюндурган этиш сөздөр [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2013. – 286-289-б.б.
3. Жолдошалиева, Н.А. Ал-абал этиштеринин статистикалык структурасы [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2014. – 379-382-б.б.
4. Жолдошалиева, Н.А. Кыргыз тилинде этиштин изилдениши [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2015. – №10. – С. 154-156. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=28766937
5. Жолдошалиева, Н.А. Ал-абал категориясы жана анын берилиши [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2017.
– №2. – 136-141-б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42819795
6. Жолдошалиева, Н.А. Физиологиялык абалды туюндурган этиш сөздөр [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // Ала Тоо Academic Studies. – 2021. – №3. 162-170-б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46655902
7. Жолдошалиева, Н.А. Сапаттык ал-абалды туюндурган этиш сөздөр [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // Вестник Кыргызско-Российского Славянского университета. – 2021. - Т. 21. – № 10. – 99-103-б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47155058
8. Жолдошалиева, Н.А. Кыргыз тилиндеги психологиялык абалды туюндурган этиш сөздөр [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // Ала Тоо Academic Studies. – 2023. – № 4. 233-242-б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=59632497
9. Жолдошалиева, Н.А. Семантика предикатов, выражающих состояние погоды в кыргызском языке [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // Рефлексия. – 2023.
– №3. – С.57-62. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54114447
10. Жолдошалиева, Н.А. Этиштин валенттүүлүгү [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // Вестник Кыргызско-Российского Славянского университета. – 2024. Т. 24. – № 2. – 94-88-б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=65059462
11. Жолдошалиева, Н.А. Семантика тилдин негизги компоненти катары [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2024. - №4. – 550-555-б.б. https://www.jarchy.arabaev.kg/admin-admin/fotogalere/1720074721_58dd2212ab45ff9615ec12aacb49e719.pdf

12. Жолдошалиева, Н.А. Семантическая природа глаголов состояния в кыргызском языке [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // Научный потенциал. – 2024. 2-3 (45). – С. 127-130. Https://elibrary.ru/item.asp?id=68015377

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши.**

Авторефератта диссертациянын негизги мазмуну кыскача чагылдырылган. Автореферат диссертацияга шайкеш келип кыргыз, орус жана англис тилиндеги резюмеси бар.

**9.Диссертациянын мазмунунда жана түзүлүшүндө кездешкен кемчиликтер.**

**1.** Илимий эмгектин жалпы көлөмү 179 беттен турса, 2-бап 14 гана бетти камтыйт, эмгектин пропорциясын сактоо максатында 3-баптан (мисалы үчүн 3.7. ) теориялык материалды алып өтсө кандай болот.

2. Диссертацияда колдонулган фонация, кинесика, окулестика, аусткультация гаптика, ольфакция, проксемика, хронемика, эврисемия, антилогикалык, актант, сирконстант ж.б.у.с. чет тилден кирген сөздөргө, терминдерге иштин сонунда терминдерге түшүндүрмө (глоссарий) берилсе деп сунуштаар элем.

3. Диссертациялык иште орфографиялык, пунктуациялык, техникалык каталарга кездешет.

Мисалы: *синткаписте* эмес систаксисте (16б.), *ажраттуу* "ы" тамгасы түшүрүлүп калган (19б.), коргон эмес көргөн (25б.), фразеологиздере "г" тамгасы түшүп калган, фразеологизмдерге (30б.), *карлачу* эмес каралчу (79б.), негиз*гиз*ден – кайталап жазылган;

Булакка таянууда жыл менен бетти көрсөтүү кош чекит менен ажыратылат, ал эми диссертацияда башынан аягына чейин үтүр менен ажыратылган.

Баптар жаңы беттен баштоо шарт. (III БАП, 56.) Мазмундагы беттер жылып кеткен, дал келбөөчүлүктөр кездешет. (Киришүү 5-бет эмес 6-бет, 3.7. – 145-бет эмес 146-б.)

Жогоруда келтирилген мүчүлүштүктөр илимий эмгектин беделин түшүрбөйт, жакшырышын шарттайт.

**10. Жетектөөчү мекемени, расмий оппоненттерди дайындоо боюнча сунуш.**

**Жетектөөчү мекеме:** К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасы. Дареги: 720044, Бишкек ш., Ч. Айтматов проспектиси, 27

**Расмий оппоненттер:**

**Алишова Махабат Култаевна** - филология илимдеринин доктору, доцент, Ала-Тоо Эл аралык университетинин магистратура программасынын жетекчиси.

Эмгектери:

1. “Манас” эпосундагы пассивдүү лексика, Вестник БГУ им. К.Карасаева,.-Б.,2019.-№3(49) ;

2. «Дүйнөнүн тилдик сүрөтү жана котормо» (монография). К.Карасаев ат. БМУ. – Бишкек, 2019.-330б.(19 б.т.);

3. Кыргыз эл жомоктору\Kyrgyz fairy-tales.\ Котор. М.К.Алишова.- Бишкек, 2011.-112б.

4. Эпитет и стилистическая трансформация. (монография). - Бишкек, 2014.-136с. АСЕК: Ангеме-котормо.-Б.:ЧП “Абыкеев А.Э.”.-2019.-52б– Бишкек, 2011.

**Семенова Жийдегүл Азимовна** – филология илимдеринин кандидаты, доцент, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Соттук-эксперттик кызматынын Лингвистикалык жана дин таануу экспертизалар башкармалыгынын башчысынын орун басары.

Эмгектери:

Глаголы движения в современном кыргызском языке // Молодёжь и наука: Проблемы и перспективы.Б.-1998.

Глаголы, выражающие интенсивность, качество движения, а также разноплановые глаголы движения // Вестник КГНУ. Сер.1. Вып.3. -2004. Классификация семантической структуры глаголов движения в кыргызском языке // Социальные и гуманитарные науки. № 1-2. -2004. Глаголы движения выражающие направленность по вертикали // Кыргыз тили жана адабияты. Илимий практикалык басылма. № 6. -2004.

**11. Диссертациянын КР ЖАКтын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун» талаптарына ылайык келиши.**

Жолдошалиева Наргиза Автандиловна 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган «Кыргыз тилинде ал-абал этиштеринин семантикалык типтери жана тизмектешүү мүмкүнчүлүгү» деген темадагы жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарга толук жооп берет. Диссертациялык иштин темасы актуалдуу, алынган жыйынтыктары далилдүү, теориялык жана практикалык мааниге ээ маселелер камтылган

жана кыргыз тили үчүн зарыл болгон илимий эмгек болуп эсептелинет. Диссертациялык иш Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңештине 10.02.01 - кыргыз тили адистиги боюнча ачык коргоого сунуштайм.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү, филология илимдеринин доктору, доцент: М.К.Алишова

Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктайм:
Окумуштуу катчы, филология илимдерини доктору, доцент С.К.Каратаева

КБнын башчысы: А.Жайнакова